**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ПРОСВЕЩЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

---

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

________________№ ___________ Бишкек ш.
г. Бишкек

# Кыргыз Республикасынын негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча 2025/2026-окуу жылындагы жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2025-жылдын 8-апрелиндеги № 373/1 буйругу менен бекитилген «Кыргыз Республикасында менчигинин түрүнө карабастан бардык жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жөнүндө» Жобого ылайык, Кыргыз Республикасындагы менчигинин формасына карабастан бардык жалпы билим берүү уюмдарында 2025/2026-окуу жылын уюшкандыкта аяктоону камсыз кылуу максатында **буйрук кылам:**

1. 2025/2026-окуу жылы Кыргыз Республикасындагы менчигинин формасына карабастан бардык жалпы билим берүү уюмдарында 2026-жылдын 29-майында аякталсын.

2. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация төмөнкү мөөнөттөрдө жана түрүндө өткөрүлсүн:

а) 9-класстардын бүтүрүүчүлөрү үчүн – 2-июндан 13-июнга чейин 4 предмет боюнча:

– алгебра (жазуу түрүндө комплекстүү тест) – 2-июнда;

– эне тили (дилбаяндын элементтерин камтыган баяндама) – 5-июнда;

– кыргыз тили (орус, өзбек жана тажик тилдеринде окутулган класстар үчүн, жазуу түрүндө комплекстүү тест), орус тили (кыргыз тилинде окутулган класстар үчүн, жазуу түрүндө комплекстүү тест) – 9-июнда;

– Кыргызстандын тарыхы (оозеки) – 12-июнда.

б) 11-класстардын бүтүрүүчүлөрү үчүн – 2-июндан 13-июнга чейин 4 предмет боюнча:

– эне тили жана адабият (эссе) – 2-июнда;

– алгебра (жазуу түрүндө комплекстүү тест) – 5-июнда;

– Кыргызстандын тарыхы (оозеки) – 9-июнда;

– кыргыз тили (орус, өзбек жана тажик тилдеринде окутулган класстар үчүн, жазуу түрүндө комплекстүү тест), орус тили (кыргыз тилинде окутулган класстар үчүн, жазуу түрүндө комплекстүү тест) – 12-июнда.

3. Жазуу түрүндө өткөрүлүүчү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация саат 9.00дө башталсын.

4. Билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү департаментине (Б.С. Шамшидинова):

– жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация өткөрүлүүчү предметтер боюнча сынак материалдары 2026-жылдын 15-апрелине иштелип чыгып, бекитилсин;

– райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн жооптуу адистерине жана жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерине жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүү жана усулдук жардам көрсөтүү камсыздалсын;

– 2026-жылга бөлүнгөн финансылык каражаттардын чегинде жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүүгө байланыштуу чыгымдардын сметасын түзүү жана анын аткарылышы үчүн жоопкерчиликти алуу милдеттендирилсин.

5. Бишкек шаарынын мэриясына караштуу Билим берүү департаментинин, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын, райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн жана жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерине:

– жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны уюштуруу жана өткөрүү боюнча мугалимдерге усулдук колдоо көрсөтүлсүн;

– жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын өткөрүлүшүнө жана анын жыйынтыктарын жалпылоого көзөмөл жүргүзүлсүн;

– 9, 11-класстардын бүтүрүүчүлөрү үчүн 2026-жылдын 14-майынан баштап 22-майына чейин сабактан тышкаркы убакта «Дене тарбия» предмети боюнча зачет өткөрүү камсыздалсын.

– жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация өткөрүлүп жаткан мезгилде окуучулардын өмүрүнүн жана ден соолугунун коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чаралар көрүлсүн;

– жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү үчүн педагогикалык кызматкерлерден жана окуучулардын ата-энелеринен (мыйзамдуу өкүлдөрүнөн) мыйзамсыз акча жана материалдык каражаттарын чогултууга чечкиндүү тыюу салынсын.

6. Бюджеттик саясат жана финансылык анализ башкармалыгы (А.К. Баймуратова) жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын сынак материалдарын даярдоону өз убагында каржылоону камсыз кылсын.

7. Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин 2026-жылдын 20-февралындагы № 140/1 буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

8. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Мектептик билим берүү башкармалыгынын башчысы М.У. Музулмановго тапшырылсын.

**О проведении итоговой государственной аттестации за 2025/2026 учебный год по образовательным программам основного общего и среднего общего образования Кыргызской Республики**

В целях обеспечения организованного завершения 2025/2026 учебного года во всех общеобразовательных организациях Кыргызской Республики независимо от формы собственности в соответствии с Положением «О проведении итоговой государственной аттестации по образовательным программам основного общего и среднего общего образования в общеобразовательных организациях Кыргызской Республики всех видов и форм собственности», утвержденным приказом Министерства образования и науки Кыргызской Республики от 8 апреля 2025 года № 373/1, **приказываю:**

1. Завершить 2025/2026 учебный год во всех общеобразовательных организациях Кыргызской Республики независимо от формы собственности 29 мая 2026 года.

2. Утвердить следующие сроки и формы проведения итоговой государственной аттестации:

а) Для выпускников 9 классов – со 2 июня по 13 июня по 4 предметам:

– алгебра (письменный комплексный тест) – 2 июня;

– родной язык (изложение с элементами сочинения) – 5 июня;

– кыргызский язык (для классов с русским, узбекским и таджикским языками обучения, письменный комплексный тест), русский язык (для классов с кыргызским языком обучения, письменный комплексный тест) – 9 июня;

– история Кыргызстана (устно) – 12 июня.

б) Для выпускников 11 классов – со 2 по 13 июня по 4 предметам:

– родной язык и литература (эссе) – 2 июня;

– алгебра (письменный комплексный тест) – 5 июня;

– история Кыргызстана (устно) – 9 июня;

– кыргызский язык (для школ с русским, узбекским и таджикским языками обучения, письменной комплексный тест), русский язык (для школ с кыргызским языком обучения, письменной комплексный тест) – 12 июня.

3. Установить начало итоговой государственной аттестации в письменной форме в 9.00 часов.

4. Департаменту развития качества образования (Б.С. Шамшидинова):

– разработать и утвердить экзаменационные материалы по предметам итоговой государственной аттестации в срок к 15 апреля 2026 года;

– обеспечить проведение разъяснительной работы и оказание методической помощи в проведении итоговой государственной аттестации ответственным работникам районных и городских отделов образования и руководителям общеобразовательных организаций;

– обязать разработку и возложить ответственность за реализацию сметы расходов по проведению итоговой государственной аттестации в пределах финансовых средств, предусмотренных на 2026 год.

5. Руководителям Департамента образования при мэрии города Бишкек, Ошского городского управления образования, районных и городских отделов образования и общеобразовательных организаций:

– оказывать методическую помощь учителям в организации и проведении итоговой государственной аттестации;

– обеспечить контроль за проведением и обобщением результатов итоговой государственной аттестации;

– обеспечить проведение зачетов по предмету «Физическая культура» во внеурочное время для обучающихся 9, 11 классов с 14 мая по 22 мая 2026 года;

– принять меры по обеспечению безопасности жизни и здоровья обучающихся на период проведения итоговой государственной аттестации;

– категорически запретить незаконный сбор денежных и материальных средств с родителей (законных представителей) обучающихся и педагогических работников на проведение итоговой государственной аттестации.

6. Управлению бюджетной политики и финансового анализа А.К. Баймуратова) обеспечить своевременное финансирование подготовки экзаменационных материалов итоговой государственной аттестации.

7. Считать утратившим силу приказ Министерства просвещения Кыргызской Республики от 20 февраля 2026 года № 140/1.

8. Контроль над исполнением настоящего приказа возложить на начальника Управления школьного образования М.У. Музулманова.

**Заместитель министра** **Н.С. Джусупбекова**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН